# Nafufill SCC

## Конструкцияларды оңдоо жана орнотуу үчүн өзү тыгыздалуучу, кичирейбей турган, тез катый турган куюлма түрдөгү оңдоо аралашмасы

### Каражаттын касиеттери

- Өзү тыгыздалуучу
- Өтө кыймылдуу, катмарларга бөлүнбөгөн
- Көтөрүмдүүлүк жөндөмдүүлүгүн калыбына келтирүү үчүн колдонулат
- Өтө зыян келтирген чөйрөлөргө, анын ичинде деңиз суусуна жана музга каршы реагенттерге туруктуулугу абдан жогору
- Колдонуу мүнөздөмөлөрүн тез топтоо
- Күйбөйт
- Колдонууга жеңил жана ыңгайлуу

### Колдонуу чөйрөлөрү

- Инженердик (инфраструктуралык, гидротехникалык, транспорттук, энергетикалык ж.б.) жана жарандык (өнөр жай, турак жай, коомдук ж.б.) курулуштардын жана имараттардын бетон жана темир-бетон конструкцияларын оңдоочу аралашма
- Конструкцияларды ныктоого мүмкүнчүлүк жок болгон учурларда (калың бекемделген, татаал геометриялык формадагы ж.б.), анын ичинде алдын ала чыңалуу берилген конструкцияларда төшөө (куюу) үчүн
- Ыкчам оңдоо иштери үчүн (калыптарды тез чечүү керек болгондо жана толук жүктү эрте берүү талап кылынганда)
- Жогорку технологиялык жана эксплуатациялык касиеттерге ээ болгон бетондорду түздөн-түз курулуш аянтында даярдоо мүмкүн болбогон объекттер үчүн
- Суу астында жана суу деңгээли алмашып туруучу аймактарда бетоноо үчүн
- Конструкцияларды, жабдууларды жана анкерлерди цементтөө жана монтаждоо үчүн
- Фундаментти жана кыртышты күчөтүү, бекемдөө үчүн
- Бул техникалык талаптарга ылайык келет:

- ГОСТ 31384-2008 «Бетон жана темир-бетон конструкцияларын даттан коргоо» жана СП 28 13330-2012 «Курулуш конструкцияларын даттан коргоо» боюнча бетон жана темир-бетон конструкцияларын даттан коргоого,
- ГОСТ 56378-2015 «Бетон конструкцияларын коргоо жана оңдоо үчүн материалдар менен тутумдар. Конструкцияларды калыбына келтирүүдө оңдоо аралашмаларына жана жанашуу тийишүү аймагындагы жабышуу касиеттерине карата коюлуучу талаптар. EN 1504-3:2005», R4 классы.

### Колдонуу эрежелери

**Үстүнкү катмарды даярдоо**

Бетондун үстүнкү катмары чаңдан, майлардан, цемент сүтүнөн, ошондой эле башка бөлүүчү заттардан тазаланышы керек. Бетонго карата долбоордук талаптар жок болсо, кысуудагы бекемдиги 25 МПа кем эмес, жулуп алуудагы бекемдиги 1,5 МПа кем эмес болууга тийиш. Негизди нымдоо зарыл, мында үстүнкү катмар сууланбай, күңүрт-нымдуу абалда болушу керек.

**Аралаштыруу**

Nafufill SCC өлчөнгөн суу куюлган идишке салынып, бир тектүү, бөлтөктөрү жок бетон аралашма пайда болгонго чейин тынымсыз аралаштыруу керек. Мажбурлап аралаштыргычтар же жай иштеген эки калактуу куралдар колдонулат. Кургак аралашманын бир кабына (25 кг) 2,5–2,75 литр суу талап кылынат. Кеминде 3 мүнөт аралаштыруу керек.

Чоң көлөмдө куюп жатканда тийиштүү аралаштыруучу жана ташуучу жабдууларды колдонуу керек. Жабдууларды «Пайдалануу боюнча нускамага» ылайык ишке даярдоо зарыл.

Материал менен иштөөдө курулуш материалдарын айдап өткөрүүгө байланыштуу эрежелерди сактоо талап кылынат (айлана-чөйрөнүн шарттарына жараша коюулугун тандоо, шлангдарды алдын ала майлоо ж.б.).

Кошумча байлоочу заттарды жана кошулмаларды колдонууга жол берилбейт.

**Төшөө (куюу)**

Бетон аралашмасын төшөө иштери аралаштыргандан кийин дароо жүргүзүлөт. Кемтиктүү жерге төшөөнүн узактыгы 15 мүнөттөн ашып кетсе, бир аз тыгыздаштыруу (сайгылап тыгыздаштыруу, дирилдетүү ж.б.) талап кылынат.

Аралашманы куюп жатканда жана куюлгандан кийинки алгачкы сааттарда жумуш жүрүп жаткан аймактын жанында катуу титирөөлөр болбошун камсыздоо керек.

**Материалга кам көрүү**

Катуу жана бекемделүү учурунда куюлган катмардын калыңдыгына жараша аздыр-көптүр жылуулук бөлүнүп чыгат.

Шамалдан жана түз тийген күн нурунан улам Nafufill SCC затынын тез кургап кетүүсүнө жол бербөө керек.

Кам көрүү мөөнөтү сырткы шарттарга байланыштуу болот жана көбүнчө 1–3 күнгө созулат.

«Эм-Си Баухеми» ЖЧКсы • Авиаконструкторлор пр., 35/4-үй • 197373, Санкт-Петербург ш. •
тел. 8-800-555-06-05 (Россия аймагындагы стационардык жана уюлдук телефондордон чалуулардын бардыгы акысыз)
e-mail: info@mc-bauchemie.ru, www.mc-bauchemie.ru

## Негизги техникалык мүнөздөмөлөрү

| **Параметрлери*** | **Өлч. бирд.** | **Көрсөткүчү*** | **Эскертүү** |
|---|---|---|---|
| Эң көп бөлүкчө | Мм | 5 | |
| Аралашманын тыгыздыгы | кг/м³ | 2300 | - |
| Бетон аралашмасынын кыймылдуулугу боюнча маркасы: | | | |
| - шагылсыз | - | Р1 | конустун жайылышы: 27–31 см |
| - шагыл: 5–20 мм | - | Р1 | |
| - шагыл: 20–40 мм | - | П5 | конустун чөгүүсү: >20 см |
| Созуудагы/кысуудагы бекемдик чеги, кем эмес | МПа | 6/30 | 1 күндөн кийин |
| | МПа | 7,5/45 | 7 күндөн кийин |
| | МПа | 10/60 | 28 күндөн кийин |
| Серпилгичтиктин динамикалык модулу Е | МПа | ≥25 000 | 28 күндөн кийин |
| Суу өткөрбөөчүлүгү | МПа | ≥1,2 | ≥W12, 28 күндөн кийин |
| Суукка туруктуулугу | Циклдер | ≥500 | ≥F500, 28 күндөн кийин |
| Чөгүүсү | мм/м | ≤0 | 28 күндөн кийин |
| Чыгымы (кургак аралашма) ** | кг/м²/мм | 2 | |
| Жарактуулук мөөнөтү | мин | 40 | |
| Өзү тыгыздалуучу касиети | мин | 15 | аралаштырбай турганда |
| Катмарлардын калыңдыгы | мм | 15 | катмардын эң аз калыңдыгы |
| | мм | 300 | шагылсыз катмардын эң көп калыңдыгы |
| | мм | 700 | шагыл менен катмардын эң көп калыңдыгы |
| | мм | 1500 | шагыл менен айрым кемтиктерди оңдоо |
| Колдонуу шарттары | ° С | ≥5 – ≤ 30 | абанын / негиздин / материалдын темп-расы |
| Аралаштыруу пропорциялары | | | |
| - шагылсыз, | салмактык үлүшү | 100 : 10 – 11 | Nafufill SCC : суу |
| - шагыл: 5–20 мм | салмактык үлүшү | 100 : 11,1 : 47,9 | Nafufill SCC : суу: шагыл |
| - шагыл: 20–40 мм | салмактык үлүшү | 100 : 11,4 : 47,9 | Nafufill SCC : суу: шагыл |

** демейки параметрлер – шагылсыз.*

## Nafufill SCC кошумча маалыматтары

| | |
|---|---|
| Өңү | цемент түстүү боз |
| Жеткирүү | 25 кг каптарда |
| Сактоо | Нукура оозу бекем жабылган таңгагында сактоо мөөнөтү 12 айдан кем эмес. Салкын жана кургак жайда сактоо керек. |
| Жок кылуу | Идишти толугу менен бошотуу керек. Жергиликтүү эрежелерге ылайык жок кылуу зарыл. |

Таңгактагы жана коопсуздук паспортторундагы иштерди коопсуз аткаруу жана эмгекти коргоо боюнча талаптарды сактоо зарыл.

* — бардык техникалык көрсөткүчтөр +23°С температурада жана абанын 50% салыштырмалуу нымдуулугунда аныкталат.
** — чыгымдалуучу көрсөткүч көптөгөн параметрлерден көз каранды, андыктан чыгымды так аныктоо үчүн объектте сыноо иретинде колдонуп көрүү сунушталат.

Бул техникалык сүрөттөмөдө камтылган маалымат биздин тажрыйбабызга негизделген жана документтин ушул версиясынын колдонуу мөөнөтүндө туура болуп саналат. Техникалык сүрөттөмөдө келтирилген маалыматта кандай болбосун белгилүү бир конструкциянын өзгөчөлүктөрүнө, аткарыла турган иштердин максатына жана айрыкча, жумуш аткарылып жаткан жергиликтүү шарттарга ылайыкташтырылышы керек. Бардык маалыматтар жумуштарды аткарууда милдеттүү түрдө сакталууга тийиш болгон күчүндө турган курулуш ченемдери жана эрежелери менен түздөн-түз байланыштуу. Биз материалды жеткирүү келишиминин жана анда көрсөтүлгөн шарттардын алкагында өз маалыматтарыбыздын тууралыгы үчүн жоопкерчилик тартабыз. Жеткирүү келишими жеткирүү шарттарын жана кардарларды тейлөөнүн эң төмөнкү деңгээлин чагылдырат. Биздин кызматкерлердин техникалык сүрөттөмөдө келтирилген маалыматтардан айырмаланган сунуштары жазма түрүндө берилип, кол коюлган учурда гана юридикалык күчкө ээ болот. Колдонуудагы курулуш ченемдери жана эрежелери кандай болбосун милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш.

04/17 басылышы. Техникалык сүрөттөмөнүн ушул версиясына өзгөртүүлөр киргизилген. Мурунку басылыштары өз күчүн жоготту жана колдонулбашы керек. Бул басылыш жаңы, кайра иштелип чыккан версиясы жарыяланганда күчүн жоготот.

«Эм-Си Баухеми» ЖЧКсы • Авиаконструкторлор пр., 35/4-үй • 197373, Санкт-Петербург ш. •
тел. 8-800-555-06-05 (Россия аймагындагы стационардык жана уюлдук телефондордон чалуулардын бардыгы акысыз)
e-mail: info@mc-bauchemie.ru, www.mc-bauchemie.ru